**2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу (учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу) Мамлекеттик салык кызматында жүргүзүлгөн аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 20-мартындагы № 06-1/143, 2025-жылдын 26-июнундагы №06-1/359 буйруктарына ылайык, аудитор А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги алдында башкы мамлекеттик инспектор Г.Дж. Ашимова, мамлекеттик инспекторлор Р.А. Оморов, А.А. Суранбаева, Э.Т. Утуров тарабынан 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча аудит жүргүзүлгөн.

**Жоопттуу тарап жана аудит субъектиси**

Бул аудитке жоопттуу тарап болуп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, ал эми аудиттин субъектиси болуп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы (мындан ары – МСК) эсептелет.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

МСКнын жетекчилиги бюджетке салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана башка төлөмдөрдү жыйноону ишке ашыруу боюнча бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын жана алардын толук жана өз убагында төлөнүшүн, жеке жактарды жеке ишкер катары мамлекеттик каттоону, салык төлөөчүлөргө сапаттуу салык кызматтарын көрсөтүүнү, салык кызматынын органдарынын ишин уюштурууну жакшыртууну, ошондой эле салык мыйзамдарын жана социалдык камсыздандыруу боюнча мыйзамдарды, мыйзамдарда белгиленген тартипте өркүндөтүү үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети болуп, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде МСКнын ишинин мыйзамдардын талаптарына шайкеш келиши боюнча өз алдынча корутундуга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктаган жетиштүү тиешелүү далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөө тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Колдонулган аудит жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу жана чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат, деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыт аралыгында аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча сунуштаманын аткарылышы;

- Салык кызматы башкарган төлөмдөр боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;

- салык карыздарынын пайда болушу, салыктар жана бюджетке төлөмдөр боюнча ашыкча төлөөлөрдү жана аларды азайтуу боюнча иштин абалын талдоо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы № 604 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасынын ченемдери боюнча салыктардын чогултулушун талдоо;

- түзүмдүк бөлүмдөрдүн салыктарды эсептөөнүн жана төлөөнүн толуктугун камсыз кылуу жана салыктык карыздарды кыскартуу боюнча ишине талдоо жүргүзүү;

- башка маселелерге аудит жүргүзүү.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;

- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы №604 “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнү уюштуруу маселелери жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жөнүндө” жобо;

- бөлүктөрдүн ички ченемдик документтери.

**Аудит камтыган мезгилде МСКнын иши үчүн жооптуу болуп төмөнкү кызмат адамдары эсептелген:**

- 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 7-декабрына чейинки мезгил аралыгында А.К. Абдувапов - МСКнын төрагасы;

2024-жылдын 7-декабрынан тартып 2024-жылдын 18-декабрына чейинки мезгил аралыгында К.Д. Кыдыров - МСКнын төрагасынын милдетин аткаруучу;

2024-жылдын 18-декабрынан тартып ушул күнгө чейин А.Н. Шыкмаматов - МСКнын төрагасы;

- 2024-жылдын 1-январынан тартып ушул күнгө чейин Р.Т. Садыбакунова - финансылык-чарба башкармалыгынын начальниги;

- МСКнын башкармалыктарынын жетекчилери.

## Аткарылган иштин кыскача баяндамасы

Аудит МСКнын кызмат адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудит жүргүзүү үчүн берилген маалыматтардын аныктыгына жоопкерчиликти МСКнын кызмат адамдары тартышат. Аудит МСКнын маалыматтарына, материалдарына жеткиликтүүлүктүн чектелгендигине байланыштуу, тандалма ыкма менен жүргүзүлдү.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 2024-жылдагы республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча МСКнын иши төмөндө баяндалган жагдайларды эске албаганда, бардык олуттуу аспектилерде тиешелүү мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келери аныкталган.

## Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы

**Аныкталды жана корутунду:**

2023-жылга карата республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча МСКнын ишинин шайкештигине жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 2024-жылдын 2-сентябрындагы № 01-20/104 9 пункттан турган сунуштаманы берген. Мамлекеттик салык кызматы тарабынан сунуштаманын 5.1 жана 5.6-пункттары аткарылган эмес, алар:

- “Соларкоин” ЖЧКсына, “ВиНЭТ” ЖЧКсына, “Спецэнергомонтаж Кара-Балта” ЖЧКсына, “Технологическая компания ФенЮен” ЖЧКсына майнингге салык боюнча, ошондой эле электр энергиясын жеткирүүчүлөргө КНС жана сатуудан алынуучу салык боюнча салыктык текшерүү жүргүзүлгөн эмес (5.1-пункт).
- МСКнын Балыкчы шаары боюнча башкармалыгы “Лонг Хай” ЖЧКсына сатуудан алынуучу салык, “Модуль Хаус” ЖЧКсына КНС боюнча салыктык текшерүү жүргүзүлгөн эмес (5.6-пункт).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 2023-жылга карата республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик салык кызматына 2024-жылдын 9-сентябрындагы № 01-20/104 берилген сунуштаманын 5.1, 5.6-пункттарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Аудиттин жыйынтыктарынын негизинде салыктар боюнча жоготуулар 21 284,3 млн. сомду, салыктарды төлөбөй коюу тобокелдиги 47 739,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: аудит учурунда салык кызматы тарабынан 634,1 млн. сомго кошумча салыктар эсептелип, салык төлөөчүлөр менен тиешелүү иштер аткарылган.**

**2024-жылга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бюджетинин жана Социалдык фондунун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

2024-жылы Мамлекеттик салык кызматы тарабынан салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн планы 292 969,1 млн. сом суммасында болжолдонуп, анык аткарылганы 302 359,8 млн. сомду түзүп, 103,2%га аткарылган, же болбосо 9 390,7 млн. сомго көп салык чогултуу камсыздалган. 2023-жылга салыштырмалуу салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү 52 955,9 млн. сомго көбөйгөн же өсүү 121,2%ды түзгөн.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн планы 69 060,0 млн. сомго бекитилген, жыл ичинде анык аткарылганы 74 082,7 млн. сомду түзүп, бекитилген пландан 5 022,7 млн. сомго ашыкча аткарылып, 107,3%ды түзгөн. 2023-жылга салыштырмалуу (2023-жылга иш жүзүндө 64 387,4 млн. сом) камсыздандыруу төгүмдөрү 9 695,3 млн. сомго көп аткарылган, же өсүү 115,1%ды түзгөн.

Киреше салыгы жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча отчеттордун формаларын STI-161 формасындагы бирдиктүү отчет түрүндө чогуу тапшыруунун натыйжасында жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ставкалары 2024-жылдын 1-августунан тартып 27,25%дан 12,25%га чейин төмөндөгөнүнүн натыйжасында киреше салыгынан жана камсыздандыруу төгүмдөрүнөн түшүүлөр жогорулаган.

Салыктардын жана салыктык эмес төлөмдөрдүн планы 223 909,1 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 228 277,1 млн. сомду түзгөн, пландын аткарылышы 102,0%ды түзгөн, же болбосо 4 368,0 млн. сомго ашыкча аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу салыктардын жана төлөмдөрдүн түшүүлөрү 43 260,6 млн. сомго өскөн, же өсүү 123,4%ды түзгөн.

Кумтөрдү эсепке албаганда кирешелер 212 448,3 млн. сомго болжолдонуп, ал эми анык аткарылганы 216 756,7 млн. сомду же 102,0 %ды түзгөн, өткөн жылга салыштырмалуу салык жана төлөмдөрдүн түшүүсү 44 578,8 млн. сомго көбөйүп, же өсүү 125,9 %ды түзгөн. Анын ичинен, республикалык бюджетке түшүүлөр 191 122,7 млн. сомго болжолдонуп, 194 512,3 млн. сомго аткарылып, 101,8%ды түзгөн, же 3 389,6 млн. сомго ашыкча аткарылган, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу түшүүлөр 38 306,3 млн. сомго көбөйгөн же өсүү 124,5%ды түзгөн.

Жергиликтүү бюджетке түшүүчү кирешенин планы 32 786,4 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 33 764,8 млн. сомду түзгөн, же аткаруу 103,0%ды түзүп, 978,3 млн. сомго ашыкча аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу 4 954,3 млн. сомго көбөйгөн же өсүү 117,2%ды түзгөн.

Бюджеттин тармактык түзүмү боюнча салыктык түшүүлөрдүн көлөмү 188 327,9 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 35 564,2 млн. сомго көбөйгөн же өсүү 123,3%ды түзгөн.

Салыктын олуттуу чегерүүлөрү: түстүү металлургия – 10%, соода ишканалары – 37%, байланыш – 3%, башка ишмердүүлүк – 3%, курулуш – 5%, кесиптик ишмердүүлүк – 4%, электр энергетикасы – 4%, каржылык тейлөө – 6%, транспорт – 3%, башка тармактар – 4%.

Салыктарды жана төлөмдөрдү чогултуунун түзүмүндө жеке жактардан - резиденттерден алынган киреше салыгынын үлүшү 12%ды, резидент эместер үчүн киреше салыгынын үлүшү - 2%, пайда салыгы - 9%, патенттин негизиндеги салык - 1%, Кумтөрдөн алынган дүң киреше салыгы - 5%, кыймылсыз мүлк салыгы - 1%, кыймылдуу мүлккө салык - 1%, Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салык - 1%, сатуудан түшкөн салык - 11%, Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга акциздик салык - 2%, жер казынасын пайдалануу салыгы - 2%, жер салыгы - 1%, салыктык эмес кирешелер - 1%, ЕАЭБден импортко акциз салыгы - 6%, ЕАЭБден импортко КНС - 17%ды  түзгөн.

Салыктардын түшүү планы 221 973,8 млн. сомго болжолдонуп, 225 852,6 млн. сомго аткарылган, же 101,7%га аткарылып, 3 878,8 млн. сомго ашык аткарылган, өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 42 921,5 млн. сомго өскөн, же өсүү 123,5%ды түзгөн.

Салыктардын жана төлөмдөрдүн төмөнкү түрлөрү боюнча пландаштырылган көрсөткүчтөр аткарылган: киреше салыгы - 101,9%, алтын казуучу компаниялардын кирешесине салык - 107,7%, Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө КНС - 103,9%, Кумтөрдөн түшкөн дүң кирешеге салык - 100,5%, жер салыгы - 118,0%, Кыргыз Республикасынын жеке жактардын кирешелерине салык - 100,0%, бирдиктүү салык - 103,2%, сатуудан алынуучу салык - 100,1%, кыймылсыз мүлккө салык - 113,7%, кыймылдуу мүлккө салык - 122,8%, жер казынасын пайдалануу үчүн салык - 102,8%, ЕАЭБден импортко акциз - 101,9%, салыктык эмес кирешелер - 102,5%.

Киреше салыгы боюнча түшүүлөр планы 25 990,5 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 26 477,3 млн. сомду түзүп, 101,9 %га аткарылган, же планга салыштырмалуу 486,7 млн. сомго ашык аткарылган, өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 4 660,0 млн. сомго көбүрөөк аткарылып, өсүү 121,4 %ды түзгөн.

2024-жылдын январь-декабрында бир кызматкердин орточо номиналдык эмгек акысы (чакан ишканаларды эсепке албаганда) 37 361 сомду түзгөн, 2023-жылдын январь-декабрына салыштырганда 112,7%га өскөн (*булак:* 2024-жылдын январь-декабрына Улуттук статистика комитетинин маалыматы).

Кыргыз Республикасынын резидент эместеринен жеке жактардын кирешелерине салыктар планы 3 624,8 млн. сом болжолдонгон, анык аткарылганы 3 626,6 млн. сомду түзүп, 1,7 млн. сомго ашык аткарылып 100,1%ды түзгөн. Өткөн жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу кирешелер 279,8 млн. сомго көбүрөөк аткарылып, өсүү 108,4%ды түзгөн.

Пайда салыгы боюнча түшүүлөрдүн планы 20 373,2 млн. сом болжолдонуп, анык аткарылганы 20 132,1 млн. сомду түзгөн, планга салыштырмалуу аткарылышы 98,8%ды түзүп, 241,1 млн. сомго аз аткарылган. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 2 477,5 млн. сомго көп аткарылып,

өсүү 114,0%ды түзгөн. Пландын аткарылбай калганынын негизги себеби болуп, инвестициялык келишимдер боюнча киреше салыгын төлөөдөн бошотуу таасирин тийгизген (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы № 26-б буйругу менен "Кыргызнефтегаз" ААКсы, "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКы үчүн киреше салыгын төлөөдөн бошотууну караган Инвестициялык макулдашуунун долбоору жактырылган). Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, күмүш, жез, сурьма, сымап, вольфрам, калай бар кендери, концентраттарды жана даяр продукцияны казып алууга жана сатууга байланыштуу "0" пайыз өлчөмүндө белгиленет (2023-жылдын 3-апрелиндеги № 78 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы). 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылга киреше салыгы боюнча 12 ири ишкердик субъекти боюнча пайда салыгы 567,0 млн. сомго төмөндөгөн.

Алтын өндүрүүчү ишканалардын пайда салыгынан түшкөн кирешелердин планы 14 960,0 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 16 108,0 млн. сомду түзгөн, планга салыштырмалуу 1 148,0 млн. сомго ашыкча түшкөн, же 107,7%га аткарылган. Ал эми өткөн жылга салыштырмалуу, кирешелер 5 524,5 млн. сомго көбөйүп, өсүү 152,2%ды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн кошумча нарк салыгы боюнча түшүүлөрдүн планы 37 915,4 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 39 405,1 млн. сомду түзгөн, план 1 489,7 млн. сомго ашыкча аткарылып, 103,9 %ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 9 632,2 млн. сомго ашыкча түшүп, өсүү 132,4%ды түзгөн. Кирешенин көбөйүшүнүн себеби, Бишкек шаарынын ЖЭБ филиалынын жана "Бишкекжылуулуктармагы" ААКсынын мүлк комплекстерин Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүүдө "Электр станциялары" ААКсынын салыктык милдеттенмелеринин келип чыгышына байланыштуу, 3 751,2 млн. сом суммасында бир жолку түшүүлөр менен шартталган.

ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринен Кыргыз Республикасынын аймагына импорттолгон товарлардан КНС боюнча түшүүлөрдүн планы 38 064,8 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 37 890,8 млн. сомду түзгөн, 174,1 млн. сомго аз түшүп, план 99,5%га аткарылган. Ал эми өткөн жылга салыштырмалуу киреше 5 195,7 млн. сомго көбөйүп, өсүү 115,9%ды түзгөн.

2024-жылга карата ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттун көлөмү 3 515,8 млн. АКШ долларын түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 106,8%га өскөн (*булак*: 2024-жылдын январь-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы). Мында, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн таш көмүр - 56,0%га, чийки мунай - 95,1%га, азоттук жер семирткичтер - 26,4%га, Казакстандан бензин импорттоо - 88,4%га кыскарган. Буга байланыштуу, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импортко КНС боюнча түшүүлөрдүн азайышы байкалган. 2024-жылга ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин импортунан КНС боюнча жоготуу өткөн жылга салыштырмалуу 20 ири чарбалык субъекти боюнча 965,2 млн. сомду түзгөн. *(Маалымат №3 тиркемеде (КПҮ) берилет).*

Сатуудан алынуучу салыктын планы 25 079,6 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 25 103,4 млн. сомду түзгөн, планга салыштырмалуу 23,7 млн. сомго ашык аткарылган, же болбосо 100,1%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 5 878,7 млн. сомго көбөйгөн, же өсүү 130,6%ды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга акциз салыгынан түшүүлөр планы 4 958,1 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 4 789,9 млн. сом түзгөн, планга салыштырмалуу 168,2 млн. сомго аз аткарылып, 96,6%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу киреше 902,5 млн. сомго көбөйгөн, өсүү 123,2%ды түзгөн. Пландын аткарылбай калышынын себеби, инвестициялык келишимдер боюнча акциздик салыктан бошотуу таасир эткен, мында болжолдуу жоготуулар 600 миллион сомдон ашык болгон (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы № 26-б жана 2024-жылдын 18-июнундагы №335 токтомуна ылайык, Инвестициялык келишимдин долбоорлору бекитилген. “Кыргызнефтегаз” ААКсы, “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКы жана “Чайна Петролеум Компани Джунда” ЖЧКсы үчүн акциздик салыктан бошотуу боюнча).

ЕАЭБ мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келген товарларга акциз салыгынын түшүүлөрүнүн планы 13 056,3 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 13 300,6 млн. сомду түзгөн, план 244,3 млн. сомго ашыкча аткарылып, 101,9%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу түшүүлөр 587,8 млн. сомго көбөйгөн, же өсүү 104,6%ды түзгөн.

Жер салыгынын планы 1293,9 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 1526,5 млн. сомду түзүп, 232,5 млн. сомго ашык аткарылып, 118,0 %ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 263,8 млн. сомго көбөйүп, өсүү 120,9 %ды түзгөн.

1,2,3-топтогу мүлк салыгы боюнча (кыймылсыз мүлк) киреше планы 1635,7 млн. сомго болжолдонгон, анык аткарылганы 1860,2 млн. сомду түзүп, 224,5 млн. сомго ашыкча аткарылып, 113,7%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 274,9 млн. сомго көбөйүп, өсүү 117,3 %ды түзгөн.

4-топтогу мүлк салыгы (кыймылдуу мүлк) боюнча киреше планы 1039,7 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 1276,9 млн. сомду түзгөн, план 237,2 млн. сомго ашыкча аткарылып, 122,8%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 195,6 млн. сомго көбөйүп, өсүү 118,1%ды түзгөн.

Патенттик салыктар планы 1 569,1 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 1 306,3 млн. сомду түзгөн, план 262,8 млн. сомго аз аткарылып, 83,3%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер көлөмү 1 020,5 млн. сомго азайган же өсүү 56,1%ды түзгөн. Кирешенин төмөндөшүнүн негизги себеби болуп, 2024-жылдын 1-июлунан тартып соода ишмердигине патенттин жокко чыгарылышы таасир эткен, ошондой эле 2023-жылга салыштырмалуу соода ишинен түшкөн кирешелер 953,3 млн. сомго азайган жана кирешеси 15,0 млн. сомго жетпеген салык төлөөчүлөр үчүн бирдиктүү салыктын негизинде

жөнөкөйлөштүрүлгөн салык салуу системасы менен 0 пайызга өтүү эсептелген.

“Кумтөр” ААКсы боюнча план 11 460,8 млн. сом болжолдонгон, анык аткарылганы 11 520,4 млн. сомду түзгөн, 59,6 млн. сомго ашыкча аткарылып, 100,5%ды түзгөн.

Жер казынасын пайдалануу салыгынан түшкөн кирешелер (роялти, бонустар) планы 5 393,8 млн. сомго болжолдонуп, анык аткарылганы 5 542,3 млн. сомду түзгөн, же болбосо 102,8%га аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 702,1 млн. сомго көбөйүп, өсүү 114,5 %ды түзгөн.

Салыктык эмес кирешелердин көлөмү 1 935,3 млн. сомго болжолдонгон, анык аткарылганы 2 424,4 млн. сомду түзгөн, план 489,1 млн. сомго ашыкча аткарылып, 125,3%га түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу кирешелер 339,1 млн. сомго көбөйгөн же өсүү 116,3%ды түзгөн. Анын ичинен, жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө 2 338,0 млн. сом чегерүүлөрдүн аткарылышы 125,5%ды түзүп, өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 330,9 млн. сом көп өндүрүлгөн. Калктуу конуштардан таштанды чыгаруу боюнча төлөмдөргө 83,5 млн. сом каралып, аткарылышы 116,1%ды түзсө, өткөн жылга салыштырмалуу 6,5 млн. сом көп чогултулган же өсүү 108,4%ды түзгөн. *(Салыктык жана салыктык эмес кирешелердин аткарылышы боюнча маалымат №1 тиркеме берилет).*

Ысык-Көл облусундагы 11 эс алуу жайларынын 2023-жылы төлөнгөн салыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы жана 2024-жылга карата тийгизген таасири боюнча талдоо төмөнкү таблицада берилет:

миң сом

| № | Аталышы | 2023-жылы төлөнгөн жалпы салык | 2024-жылы төлөнгөн жалпы салык | Өсүү (+,-) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Радуга плюс | 33 924,0 | 51 511,4 | 17 587,4 |
| 2 | Карвен 4 сезона | 17 183,5 | 47 335,5 | 30 152,0 |
| 3 | Акун | 3 075,7 | 5 591,2 | 2 515,5 |
| 4 | Каприз | 17 269,2 | 39 381,5 | 22 112,3 |
| 5 | Филиал Ак Жол KG | 2 420,7 | 2 772,0 | 351,3 |
| 6 | Радуга Вест | 1 903,6 | 2 287,5 | 383,9 |
| 7 | Клуб отель “Охотный двор” | 1 181,8 | 773,4 | -426,8 |
| 8 | Колумб Лимитед | 90,0 | 1 343,2 | 1 253,2 |
| 9 | Ак Данис | 9,6 | 360,6 | 351,0 |
| 10 | Ак Бермет | 2 125,0 | 3 910,2 | 1 785,2 |
| 11 | Байтур | 5 633,5 | 8 827,2 | 3 193,7 |
| | **Бардыгы** | **84 816,6** | **164 093,7** | **79 277,1** |

Натыйжада, 2024-жылы салыктык кирешелердин жалпы суммасы 164 093,7 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылга карата 84816,6 миң сом, же 79 277,1 миң сомго салыктык кирешелер көбөйгөн, өсүү 193,5%ды түзгөн.

Негизинен, бардык эс алуу жайлары боюнча салыктык кирешелер өскөн, ал эми “Охотный двор” эс алуу жайынын салыктык кирешесинин

төмөндөшүнүн негизги себеби катары, аталган ишкердин жалпы режимден бирдиктүү салык режимине өтүшү менен түшүндүрүлөт.

## Салыктык жеңилдиктер

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын маалыматы боюнча жеке салык төлөөчүлөр үчүн берилген салык жеңилдиктери ИДПга карата болжол менен 4,2%ды же 64,0 млрд. сомду түзгөн.

2022-2024-жылдарга салык мыйзамдарында каралган салык жеңилдиктери жана бошотуулар:

- 2022-жылы 60,1 млрд. сом же ИДПга карата 5,9%;
- 2023-жылы 53,5 млрд. сом же ИДПга карата 4,0%;
- 2024-жылы 64,0 млрд. сом же ИДПга карата 4,2%.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык берилген салыктык жеңилдиктердин өлчөмү бюджеттин киреше бөлүгүнө түздөн-түз таасирин тийгизет, мисалы 2023-жылы 2022-жылга салыштырмалуу салык жеңилдиктери 6,6 млрд. сомго азайган, сумманын төмөндөшүнө 2023-жылдын 1-январынан тартып сатуудан алынуучу салыктын “0” ченинин жокко чыгарылуусу таасир эткен, анткени сатуудан алынуучу салыктын “0” чен менен болуп турган мезгилде сатуудан түшкөн салыктын түшүүлөрү 2022-жылы 6,4 млрд. сомду түзсө, ал эми 2023-жылы сатуудан түшкөн салыктын суммасы 19,2 млрд. сомду түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 3 эсеге өскөн.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, 2024-жылга карата каралган салыктык жеңилдиктерге жана бошотууларга жүргүзүлгөн талдоо, бардык жеңилдиктердин жана преференциялардын ичинен КНС боюнча каралган салык жеңилдиктери 56,5%ды түзгөн, андан кийин 25,2% үлүшү менен киреше салыгы, пайда салыгы 9,0%, сатуудан алынуучу салык 7,7%, үлүшү менен жана мүлк салыгы 1,6%ды түзгөн.

КНС боюнча эң чоң салык жеңилдиктери жана бошотуулар төмөнкү позициялар боюнча берилген:

- эл аралык келишимдер – 27,2%;
- негизги каражаттар – 23,4%;
- дары-дармек каражаттары – 8,3%;
- финансылык кызмат көрсөтүүлөр – 4,8%.

*(Салыктык жеңилдиктер боюнча маалымат №2 тиркемеде (КПҮ) берилет).*

## Салык төлөөчүлөрдү каттоо, издөө боюнча иштерди жүргүзүү жөнүндө

Каттоо маалыматтары боюнча 2024-жылдын 31-декабрына карата салыктык каттоодо турган чарбакер субъекттердин саны 690 683 салык төлөөчүнү түзгөн, анын ичинен 155 068 юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр), 535 615 жеке ишкерлер, дыйкан (фермердик) чарбалар түзгөн.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу салыктык каттоодо турган салык төлөөчүлөрдүн саны (2023-жылы 618 402) 72 281ге (11,7%) көбөйгөн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылдын 31-декабрына карата салыктык каттоодо турган чарбакер субъекттердин саны 690 683 салык төлөөчүнү түзгөн, анын ичинен отчет тапшырган салык төлөөчүлөрдүн саны 410 756, же салык каттоодо катталган субъекттердин жалпы санынын 59,5%ын түзгөн.

Отчет бербеген субъектилердин саны 279 927, же салык каттоодо катталган субъекттердин жалпы санынын 40,5%ын түзгөн, анын ичинен юридикалык жактар – 54 797 (19,6%), жеке ишкерлер, дыйкан (фермер) чарбалары – 225 130 (80,4%) түзөт.

Салык отчетун тапшырбаган салык төлөөчүлөргө 44 504 чечим жөнөтүлгөн, бул салык отчетторду бербеген салык төлөөчүлөрдүн (279 927) жалпы санынын 15,9%ын түзөт, бул - төмөн көрсөткүч болуп эсептелет.

Салык отчетун тапшырбаган 21 961 салык төлөөчү табылган, же салык отчетун тапшырбаган салык төлөөчүлөрдүн жалпы санынын 7,8%ын түзөт, бул - төмөн көрсөткүч болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн фактылар республика боюнча салык төлөөчүлөр менен иштөө бөлүмүнүн ишинин сапатсыз жана натыйжасыз экендигинен маалымат берет.

**Сунуштама:**

Юридикалык жана жеке жактар менен төмөндө көрсөтүлгөн багыттар боюнча иштер күчөтүлсүн:

- 279 927 юридикалык жана жеке жактардын отчет бербегендигинин себептерине талдоо жүргүзүлсүн;
- юридикалык жана жеке жактарды издөө боюнча иш-аракеттер күчөтүлсүн;
- салыктык отчетторду бербеген субъекттерге милдеттүү түрдө билдирүүлөрдү жөнөтүү камсыздалсын.

**Салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын өсүшүн талдоо**

2025-жылдын 1-январына карата салыктар боюнча карыз 310 160 салык төлөөчүлөргө 65 483,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен негизги карыз – 34 277,2 млн. сом, туум – 25 299,9 млн. сом, салык санкциясы - 5 905,9 млн. сомду түзөт, өткөн жылдын ушул мезгилине (2024-жылы 47 024,2 млн. сом) салыштырмалуу 18 458,9 млн. сомго көбөйгөн, же өсүү 139,3%ды түзгөн.

Анын ичинен салыктар боюнча:

– 18 908 салык төлөөчүлөр боюнча үмүтсүз салыктык карыз **6 420,8 млн. сомду** түзгөн;

– 383 субъекти боюнча 21 147,0 млн. сомго кылмыш иштери козголгон.

2025-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыз 54 257 салык төлөөчүлөргө 2 388,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен камсыздандыруу төгүмдөрү – 1 007,8 млн. сомду, туумдар жана айыптар -

1 380,4 млн. сомду түзөт, 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу (2 091,9 млн. сом) 296,4 млн. сомго көбөйгөн, же өсүү 112,4%ды түзгөн.

2024-жылдын ичинде 218 621 салык төлөөчүлөрдөн 21 553,0 млн. сом салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүлгөн, бул көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу 4 645,3 млн. сомго же 25,5%га көбөйгөн (2023-жылы 16 907,7 млн. сом).

Салыктар, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды азайтуу максатында, төмөндөгүдөй мажбурлап өндүрүү чаралары көрүлгөн.

Салык төлөөчү тарабынан таанылган салыктар, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын аткарылышын камсыз кылуу боюнча жалпысынан 50 833,4 млн. сомго 488 478 эскертүү чыгарылган. Анын ичинен: салыктар боюнча - 406 232 салык төлөөчүгө 50 828 324,9 млн. сомго, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча - 82 246 салык төлөөчүгө 5 109,9 млн. сомго.

Эскертүүлөрдүн көрсөтүлгөн санынын ичинен 144 659 субъекттен 11 397,3 млн. сом өндүрүлгөн, анын ичинен: салыктар боюнча - 115 180 салык төлөөчүдөн 9 062,5 млн. сом суммасында, же 17,8%, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча - 29 479 салык төлөөчүдөн 2 334,8 млн. сом же 4,6%ы өндүрүлгөн, бул - төмөн көрсөткүч болуп саналат. 2023-жылга (4 221,9 млн. сом) салыштырмалуу 7 175,4 млн. сомго көбөйгөн.

Салык төлөөчүлөрдүн банктык эсептерине жалпы суммасы 52 498,2 млн. сомду түзгөн 47 568 салык төлөө талабы коюлган. Анын ичинен: салыктар боюнча - 50 743,6 млн. сомго 45 499 салык төлөөчүнүн камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча - 1 754,6 млн. сомго 2 069 салык төлөөчүнүн банктык эсептерине салык төлөө талабы (СТТ) коюлган.

10 786 салык төлөөчүлөрдөн жалпысынан 1 224,5 млн. сом өндүрүлгөн, анын ичинен: салыктар боюнча – 3 264 салык төлөөчүдөн жалпы 820,0 млн. сом же 1,62%, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча – 7 524 салык төлөөчүдөн жалпысынан 405,0 млн. сом же 0,8% өндүрүлгөн, бул - өндүрүү боюнча төмөн көрсөткүч болуп саналат. 2023-жылга (16,0 млн. сом) салыштыруу боюнча 1 208,5 млн. сомго көбөйгөн.

Сот органдарына 26 656,0 млн. сомдук 14 745 материал берилген. Анын ичинен: салыктар боюнча 13 632 салык төлөөчүгө 26 168,1 млн. сомго, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 1 113 салык төлөөчүгө 487,8 млн. сомго, анын ичинен, бюджеттин тарабына 6 435 салык төлөөчү боюнча 18 459,0 млн. сомго соттун чечимдери чыккан: салыктар боюнча – 5 947 салык төлөөчү боюнча – 18 377,3 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча – 488 салык төлөөчү боюнча – 81,7 млн. сом. 4 248 салык төлөөчүдөн 1826,9 млн. сом өндүрүлгөн: салыктар боюнча – 1426,8 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча – 400,9 млн. сомду түзгөн.

1 619 салык төлөөчүгө 3 493,7 млн. сомго чыгууга чектөө чаралары көрүлгөн. Анын ичинен: салыктар боюнча – 1 552 салык төлөөчү – 3 327,7 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча – 67 салык төлөөчү – 166,0 млн.

сомду түзгөн. Натыйжада, 116 салык төлөөчүдөн 132,5 млн. сом түшкөн, анын ичинен: салыктар боюнча 94 салык төлөөчүдөн – 125,0 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 22 салык төлөөчүдөн – 7,5 млн. сом.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылга карата карызды кыскартуу боюнча жогоруда көрсөтүлгөн чараларга карабастан, салыктык карыздардын олуттуу кыскаруусу байкалган эмес, алар 2025-жылдын 1-январына карата 310 160 салык төлөөчү боюнча 65 483,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен негизги карыз – 34 277,2 млн. сом, туум - 25 299,9 млн. сом, салык санкциясы – 5 905,9 млн. сом. 2024-жылдын 1-январына (47 024,2 млн. сом) салыштырмалуу 18 458,9 млн. сомго көбөйгөн же өсүү 139,3%ды түзгөн, анын ичинен 2025-жылдын 1-январына карата үмүтсүз карыз 18 908 салык төлөөчү боюнча 6 420,8 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 80-беренесинин негизинде, 2024-жылда кайтарымсыз карыз боюнча 425,1 млн. сом эсептен чыгарылган.

2025-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыз 54 257 салык төлөөчүлөргө 2 388,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен камсыздандыруу төгүмдөрү - 1 007,8 млн. сом, туумдар жана айыптар - 1 380,4 млн. сом, 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу (2 091,9 млн. сом) 296,4 млн. сомго көбөйгөн, же өсүү 112,4%ды түзгөн.

Салыктык карыздардын өсүшүн шарттаган негизги факторлордун бири болуп, мониторинг (камералдык текшерүү) жана салыктык текшерүүлөрдү кеңейтүү саналат. Ошентип, салык карызынын көрсөтүлгөн жалпы суммасынан:

- салыктык текшерүүнүн натыйжасында түзүлгөн карыз 58 934 772,9 миң сом (көчмө текшерүүнүн натыйжасында - 26 193,4 млн. сом, камералдык текшерүүнүн натыйжасында - 32 741,5 млн. сом);

- салык төлөөчүлөрдүн берилген салыктык отчету боюнча пайда болгон карыз - 6 548,3 млн. сом.

Мындан тышкары, карыздын өсүшү төмөнкү себептерден улам болгон:

-КР Салык кодексинин 81, 85, 86-беренелеринин жетишсиз деңгээлде аткарылышы;

- Салык кызматы тарабынан салыктардын жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өз убагында төлөнүшүнө көзөмөлдүн жетишсиздиги;

- салыктык текшерүүлөрдөн пайда болгон карыздарды азайтуу боюнча чараларды өз убагында көрүүнүн жетишсиздиги.

Жалпысынан, аудиттин жыйынтыгы менен 2025-жылдын 1-январына карата салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды өндүрүү боюнча натыйжасыз иштерден улам, кайтарымсыз салык карыздары түрүндө бюджеттин жоготуулары 18 908 субъект боюнча 6 420,8 млн. сомду түзгөнү аныкталды.

**Сунуштама:**

-Мамлекеттик салык кызматынын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык, салыктар жана

камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды мажбурлап өндүрүүгө көзөмөл күчөтүлсүн;

-Текшерүүнүн жыйынтыгы менен кошумча эсептелип пайда болгон карыздарды, анын ичинде акчалай каражаты менен төлөөнү көбөйтүү жагы камсыздалсын.

**Салык кызматынын органдары тарабынан салынган өндүрүлгөн айыптык санкциялар жөнүндө маалымат**

**Аныкталды жана корутунду:**

2023-жылы Салык кызматынын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин ченемдеринин негизинде 55 282 протокол түзүлүп, жалпы суммасы 337 582,5 миң сом айып пул салынган. Анын ичинен 54 068 протокол 327 311,5 миң сом суммасында өндүрүлгөн, 1 214 протоколдун 10 271,0 миң сом суммасындагы төлөнбөгөн калдыгы 2024-жылга өткөн болуп саналат. 2025-жылдын 8-июлуна карата өндүрүлбөгөн калдык - 1 060 протоколдун суммасы 9 037,5 миң сомду түзгөн.

2024-жылы 44 318 протокол түзүлүп, жалпы суммасы 338 696,5 миң сом айып пул салынган. Анын ичинен, 42 700 айып 320 094,5 миң сом суммасында өндүрүлгөн, 1 618 протокол суммасы 18 602,0 миң сом төлөнбөгөн калдыгы 2025-жылга өткөн болуп саналат. 2025-жылдын 8-июлуна карата өндүрүлбөгөн калдык - 794 протоколдун суммасы 8 906,5 миң сомду түзгөн.

Эки жыл ичинде салынган 99 600 айып пулдардын жалпы суммасы 676 279,0 миң сомду түзгөн. 2025-жылдын 8-июлуна карата өндүрүлбөгөн калдык - 1 854 протоколдун суммасы **17 944,0 миң сомду** түзгөн, анын ичинен, 1 769 токтом 16 375,5 миң сомго САКБга (ПССИ) мажбурлап өндүрүп алуу үчүн жөнөтүлгөн, ал эми 85 токтом 1 568,5 миң сомго САКБга өткөрүлүп берилген эмес.

**Сунуштама:**

- Мамлекеттик салык кызматы жана райондук башкармалыктары тарабынан салынган жана төлөнгөн айыптар боюнча маалымат, жазылып берилген протоколдордун тизмеси, төлөнбөгөн айыптар боюнча Соттук аткаруу кызматынын бөлүмүнө жөнөтүлгөн протоколдор боюнча маалымат камсыздалсын;
- Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин ченемдеринин негизинде салынган 17 944,0 миң сомго айып пулдарды өндүрүү камсыздалсын;
- Өндүрүлбөгөн айып пулдар боюнча токтомдорду Соттук аткаруу кызматынын бөлүмүнө берүүнү өз убагында камсыз кылбаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Ашыкча төлөнгөн кошумча нарк салыгын жана башка салыктарды талдоо**

2025-жылдын 1-январына карата салыктар жана төлөмдөр боюнча ашыкча төлөөнүн жалпы суммасы жалпысынан 65 562,8 млн. сомду түзгөн

жана 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу ашыкча төлөө 2765,8 млн. сомго көбөйгөн.

| Көрсөткүчтөр | 01.01.2024-ж. | 31.12.2024-ж. | Четтөө |
|---|---|---|---|
| Баардыгы | 62 562,8 | 65 328,6 | 2 765,8 |
| *анын ичинде :* | | | |
| -Ашыкча төлөнгөн салыктардын суммасы | 18 159,8 | 19 585,9 | 1 426,1 |
| -КНС боюнча ашкан сумма | *43 919,0* | *45 136,1* | *1 217,1* |
| *ЕАЭБ КНС* | *484,0* | *606,6* | *122,6* |

Ашыкча төлөнгөн салыктардын пайда болушунун негизги себептери болуп, төмөнкүлөр саналат:

- ашыкча төлөнгөн салыктарга эсептөө жана/же төлөө мөөнөтү келе элек, башкача айтканда, салык төлөөчүнүн салыктык милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда төлөө - отчет берүүнүн акыркы мөөнөтүнө чейин же белгиленген төлөө датасына чейин салыктардын суммасы кирет. Салыктык милдеттенмелердин мөөнөтүнөн мурда аткарылышынын себептеринин бири болуп, төлөмдөрдү учурдагы эсепке алуунун, аларды чегерүүнүн жана төлөөнүн өзгөчөлүктөрү саналат.

*Мисалы:*

1720,4 млн. сом өлчөмүндө ашыкча төлөнгөн сатуудан алынуучу салыктын суммасы орто бизнес субъекттери тарабынан салыктык отчетторду берүү жана бюджетке иш жүзүндө чегерүү мөөнөттөрүндөгү айырманын пайда болушунун себептеринин бири болуп саналат, б.а. чегерүүлөр квартал сайын жүргүзүлөт, ал эми салыктык милдеттенмелер ай сайын төлөнөт. Мисалы: “Электр станциялары” ААКсы - 622,4 млн. сом, “Эталон Вин Спец Строй” ЖЧКсы - 13,3 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын алдындагы Көчмө механикалаштырылган колонна - 13,0 млн. сом, “Элдик Банк” ААКсынын Чүй филиалы - 8,3 млн. сом, “Кытай-кыргыз компаниясы Чжун Джи Майнинг Компани” ЖЧКсы - 7,1 млн. сом.

Киреше салыгы боюнча ашыкча төлөнгөн салыктын суммасы 1840,3 млн. сом өлчөмүндө квартал сайын төлөнгөн салыктын алдын ала суммасы менен, 2023-жылга киреше салыгы боюнча декларацияда иш жүзүндө көрсөтүлгөн сумманын ортосундагы айырманын эсебинен түзүлгөн. Ошол эле учурда, айрым салык төлөөчүлөр салыкты алдын ала төлөшөт, ал эми алдын ала салыктын суммасын төлөө мөөнөтү квартал сайын төлөнөт. Мисалы: RG Brands Kyrgyzstan ЖЧКсы (RG Brands Kyrgyzstan) - 88,2 млн. сом, “Куликовский кондитер үйү” ЖЧКсы - 30,5 млн. сом.

“Кумтөр Голд Компани” ЖАКы тарабынан 1 211,0 млн. сом суммасында дүң кирешенин 4 пайызы өлчөмүндө төлөмү. Жылдык отчетту берүүнүн акыркы мөөнөтү отчеттук жылдан кийинки 1-апрелден кечиктирилбестен тапшырылат.

Бирдиктүү салык боюнча бирдиктүү салык отчету отчеттук кварталдан кийинки 20 күндөн кийинки күндөн кечиктирбестен берилет, ал эми чарба жүргүзүүчү субъекттер көбүнчө ай сайын төлөшөт.

2024-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде ашыкча төлөнгөн салыктарды жана ашыкча КНСти эсепке алуу жана кайтаруу жалпысынан 3 135,2 млн. сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен:

1) Салык кодексинин 326 жана 327-беренесине ылайык 2 307,1 млн. сом суммасында, анын ичинде:

- 960,8 млн. сом суммасында салыктар боюнча;
- ЕАЭБ КНС боюнча 258,1 млн. сом суммасында;
- МБК КНС боюнча 1 017,7 млн. сом суммасында;
- банк эсептерине 70,5 млн. сом суммасында;

2) Салык кодексинин 330-беренесине ылайык дипломатиялык өкүлчүлүктөргө 127,2 млн. сом.

3) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 93-беренесине ылайык 700,9 млн. сом суммасында, анын ичинде;

- 543,3 млн. сом суммасында салыктар боюнча;
- салык төлөөчүлөрдүн банктык эсептерине 157,6 млн. сом.

Салык төлөөчүлөрдү эсепке алуунун жана өткөн жылдар үчүн маалыматтык эсептөөлөрдү талап кылуунун натыйжасында, мүлк салыгынын ашыкча төлөнгөн суммасы 244,2 млн. сомго кыскарган.

Салыктык отчеттор талап кылынып, салык төлөөчүлөрдүн өздүк эсеп картасына киргизилип, ашыкча төлөнгөн салыктардын суммасы 2 031,3 млн. сомго азайган.

Көчмө жана камералдык текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча КНСтин эсепке алуу суммасы 3 193,1 млн. сомго кыскарган.

Эскирүү мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу, 554,2 млн. сом өлчөмүндө ашыкча төлөнгөн салык суммалары жана ашыкча КНС боюнча салык төлөөчүлөрдүн өздүк эсеп карталарынан эсептен чыгарылган.

**КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасы (АБС)**

Талдоо жана контролду жүргүзүү үчүн, Россия Федерациясынын Башкы илимий инновациялар жана ишке ашыруу борбору менен биргеликте “КНСти башкаруунун автоматташтырылган системасы” иштелип чыккан.

Система 2021-жылдын 19-апрелиндеги №5-6-02/92 мамлекеттик келишимге ылайык, Россия Федерациясынан акысыз техникалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуунун алкагында иштелип чыккан.

Система Электрондук эсеп-фактураларга жана КНС боюнча отчетторго (FORM STI-062) ылайык, кардарлар, ошондой эле жеткирүүчүлөр жөнүндө маалыматтарды карап чыгат жана талдайт, автоматтык түрдө дал келбөөчүлүктөрдү табат жана төлөнгөн салыктардын суммаларынын дал келбестигин аныктайт.

Система ошондой эле карама-каршылыктарды аныктоо функциясын жана кошумча нарк салыгы боюнча төлөмдөрдүн маалыматтарынын квитанцияларын жана берилген отчетторду (саны жана суммасы боюнча) көрсөтүү менен интерактивдүү картаны камтыйт.

КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасы кошумча нарк салыгын эсептөөнүн жана төлөөнүн тууралыгына жана толуктугуна, ошондой эле анын КНС боюнча отчеттуулугу, камералдык салыктык текшерүүнүн функцияларына карата көзөмөлдөө жагында салыктык администрлөө функцияларын жүзөгө ашыруучу салык органынын кызматкери үчүн багытталган. Талдоо КНС боюнча отчеттордун, электрондук эсеп-фактуралардын жана сатуучу тарабынан берилген башка документтердин негизинде жүргүзүлөт. КНСтин суммасы жана чени жөнүндө маалыматтарды камтыган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү, алардын наркын тастыктоочу товарлар/кызмат көрсөтүүлөр, КНСти колдонуу, салык төлөөчүлөрдүн операцияларынын ортосундагы айырмачылыктарды издөөдө натыйжалуулукту жана майнаптуулукту камсыз кылат.

**Контролдоо кассалык машиналар боюнча талдоо**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 13-мартындагы №92 буйругунун негизинде, Салык кызматы менен “Кыргызиндустрия” ААКсынын ортосунда келишим түзүлүп, келишимдин негизинде 32 000 даана кассалык машиналар (мындан ары - ККМ) алынган. 2025-жылдын 1-июнуна карата республика боюнча жалпы саны 28 316 даанасы орнотулган, ал эми калган 3 684 даана Салык кызматынын башкармалыктарында сакталып турат, керек болгон учурда ишкерлерди камсыздоого бериле тургандыгы боюнча маалымат берилди.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 13-мартындагы №92 буйругунун негизинде, Салык кызматы менен “Кыргызиндустрия” ААКсынын ортосунда келишим түзүлүп, келишимдин негизинде 32 000 даана кассалык машиналар 266 681,0 миң сомго республикалык бюджеттин эсебинен алынган. 2025-жылдын 1-июнуна карата республика боюнча жалпы 28 316 даанасы орнотулган, ал эми калган 3 684 даана Салык кызматынын эсебинде андан ары ишкерлерди камсыздоо үчүн сакталууда.

2023-жылга карата республика боюнча 73 804 даана ККМ аппаратынын жалпы кирешеси 564 793,02 млн. сомду түзгөн.

Ал эми, 2024-жылга карата республика боюнча жалпы 125 412 даана ККМ аппараттары орнотулуп иштеген, жыл ичиндеги жалпы кирешеси 544 936,1 млн. сомду түзгөн.

Натыйжада, 2024-жылдагы ККМ аппаратынын саны 2023-жылга салыштырмалуу 51 608 даана аппаратка көп болгонуна карабастан, кирешенин көлөмү 19 856,9 млн. сомго төмөн болгондугу маалым болгон.

Башкача айтканда, 2024-жылы ККМ аппаратын колдонгондордун саны 2023-жылга салыштырмалуу 170%га өскөндүгүнө карабастан, кирешенин көлөмү болсо 3,5%га төмөндөгөн.

2023-жылы ар бир ККМ аппаратына кирешенин орточо көлөмү 7 652,6 миң сомду түзсө, ал эми 2024-жылга карата 4 345,2 миң сомду түзгөн, же ар

бир ККМ аппаратынын кирешеси 3 307,4 миң сомго аз көрсөтүлүп, киреше 56,8%га төмөндөгөн.

Салык кызматынын 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылы ККМ аппаратын колдонгондордун кирешелери төмөндөгөн башкармалыктары:

-Бишкек шаарынын Биринчи май району боюнча кирешеси 2023-жылы 146 546,2 млн. сомду түзсө, 2024-жылы болгону 55 328,7 млн. сомду түзүп, 91 217,5 млн. сомго төмөндөгөн;

-Свердлов району боюнча кирешеси 2023-жылы 69 625,7 млн. сомду түзсө, 2024-жылы 55 862,0 млн. сомду түзүп, 13 763,7 млн. сомго төмөндөгөн;

-Ленин району боюнча кирешеси 2023-жылы 56 458,5 млн. сомду түзсө, 2024-жылы 52 565,8 млн. сомду түзүп, 3 892,6 млн. сомго төмөндөгөн;

-Чүй облусунун Аламүдүн району боюнча кирешеси 2023-жылы 13 844,0 млн. сомду түзсө, 2024-жылы 12 796,4 млн. сомду түзүп, 1 047,6 млн. сомго төмөндөгөн;

-МСКнын Бишкек шаарынын эркин экономикалык аймактарынын субъектилерин контролдоо башкармалыгындагы салык төлөөчүлөрдүн кирешеси 2023-жылы 1 632,2 млн. сомду түзсө, 2024-жылы 1 218,6 млн. сомду түзүп, 413,6 млн. сомго төмөндөгөн;

-МСКнын Бишкек шаары жана түндүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгындагы салык төлөөчүлөрдүн кирешеси 2023-жылы 62 075,0 млн. сомду түзсө, 2024-жылы 58 537,7 млн. сомду түзүп, 3 537,3 млн. сомго төмөндөгөн;

-МСКнын Ош шаары жана түштүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгындагы салык төлөөчүлөрдүн кирешеси 2023-жылы 3 451,5 млн. сомду түзсө, 2024-жылы 3 127,4 млн. сомду түзүп, 324,1 млн. сомго төмөндөгөн.

Ошентип, жогоруда белгиленген 7 башкармалыктардын салык төлөөчүлөрүнүн 2024-жылга карата ККМ аппаратын колдонгондордун саны өскөндүгүнө карабастан, ККМди колдонуудагы кирешелеринин көлөмү 2023-жылга салыштырмалуу 114 196,4 млн. сомго азайган, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун бардык көлөмдөрүн контролдук-кассалык машиналар аркылуу жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында, 2024-жылы республикалык бюджетке КНС жана сатуудан алынуучу салыктан жоготуулары **14 845,5 млн. сомду** түзгөн.

Аудит, кирешенин төмөндөшүнүн негизги себеби катары, Салык кызматы тарабынан фискалдаштыруу боюнча уюштуруу иштеринин жетишсиздигине жана көзөмөлдүн начар болуп жаткандыгына байланыштуу деп эсептейт.

**Сунуштама:**

-Мамлекеттик салык кызматы тарабынан кирешенин өсүүсүн камсыз кылуу максатында, контролдук кассалык машиналардын иштөөсүнө көзөмөл күчөтүлсүн;

- Контролдук кассалык машиналардын маалыматтарына ылайык, кошумча нарк салыкты жана сатуудан алынуучу салыкты толук өндүрүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Жогоруда жазылгандардын негизинде салыктар боюнча жоготуулар 21 284,3 млн. сомду түзөт, анын ичинен:**

- 2025-жылдын 1-январына карата 18 908 салык төлөөчүлөр боюнча кайтарымсыз салыктык карыз **6 420,8 млн. сомду** түзгөн;
- 2023-2024-жылдар ичинде салынган айып пулдардан 2025-жылдын 8-июлуна карата өндүрүлбөгөн калдык **17 944,0 миң сомду** түзгөн;
- МСКнын 7 башкармалыгынын салык төлөөчүлөрүнүн 2024-жылга карата ККМ аппаратын колдонгондордун саны өскөндүгүнө карабастан, ККМди колдонуудагы кирешелеринин көлөмү 2023-жылга салыштырмалуу 114 196,4 млн. сомго азайган, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун бардык көлөмдөрү контролдук-кассалык машиналар аркылуу жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында, 2024-жылы КНС жана сатуудан алынуучу салыктан жоготуулар **14 845,5 млн. сомду** түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду:**

**Мындан тышкары, салыктарды төлөбөй коюу тобокелдиги 47 739,1 млн. сомду түзөт, анын ичинен:**

- Кыргыз Республикасы боюнча “КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасы (АБС)” программасынын маалыматынын негизинде, КНС боюнча отчеттордогу тобокелдиктерге алып келчү айырмачылык 2024-жылга карата 3 115,5 млн. сомду түзгөн, ал эми 2025-жылдын 1-январына карата **11 003,3 млн. сомду** түзгөн.
- Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, салык төлөөчүлөрдүн бирдиктүү салык декларацияларынын, салык отчеттордун, эсеп-фактураларын, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин берген маалыматтарынын негизинде талдоо жүргүзүлүп, **36 735,8 млн. сомго** салыктарды төлөбөй коюу тобокелдиги бар экендиги аныкталган. Аудит учурунда салык кызматы тарабынан **634,1 млн. сомго** кошумча салыктар эсептелип, салык төлөөчүлөр менен тиешелүү иштер аткарылган. *(Салыктарды төлөбөй коюу тобокелдиги боюнча аныктамалар № 4 тиркемеде (КПҮ), салык төлөөчүлөрдүн тизмеси №5 тиркемеде (КПҮ), салыктык эсепке алынган суммалар №7 тиркемеде (КПҮ) берилет).*

**Сунуштама:**

1. Салык төлөөчүлөр боюнча КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасында көрсөтүлгөн отчетторго жана маалыматтарга талдоо жүргүзүлсүн.

2. Жалпысынан КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасындагы айырмачылыктарды сапаттуу аныктоо үчүн, төмөндөгү автоматташтырылган маалымат тутумдары менен интеграциялоо камсыздалсын:

- үчүнчү өлкөлөрдөн ташылып келүүдө товарлардын декларациясы;
- ЕАЭБге мүчө өлкөлөрүнөн импорттоодо коштоочу эсеп-фактура;

- тобокелдик факторлорун аныктоо, мыйзам бузууларды жана бюджетке салыктарды төлөбөй коюуну болтурбоо үчүн КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасын өнүктүрүү жана салык төлөөчүнүн ишин (импорт, сатуу, өндүрүү жана экспорт) көзөмөлдөөнүн толук тизмеси түзүлсүн;

- КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасындагы орун алган карама-каршылыктар жөнүндө салык төлөөчүлөргө билдирүү механизмин ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлсүн;

- аймактык башкармалыктардын ишинде КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасын милдеттүү түрдө колдонуусуна көзөмөл күчөтүлсүн .

3. ЕАЭБдин мүчө мамлекеттерине экспорт жүргүзгөн субъекттердин отчетторуна үзгүлтүксүз талдоо жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 303-беренесинин талаптарына ылайык, товарларды экспорттоодо электрондук тастыктоосу жок товарлар боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

4. ЕАЭБге мүчө мамлекеттерине товарды электрондук эсеп-фактурасы боюнча жөнөтүп, андан кийин товарлар толук кайтарылды деп өзгөртүү менен, электрондук эсеп-фактурасы жазылып, кыскарткан учурларда себептеринин негиздүүлүгүнө талдоо жүргүзүлсүн.

5. Салык төлөөчүлөр тарабынан тапшырылган бирдиктүү салык декларациясына жана салыктык отчетторуна үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүлсүн.

6. Көчмө жана камералдык текшерүү боюнча чыгарылган чечимдерди ИСНАК программасына толук жана өз убагында киргизүү камсыз кылынсын.

7. Чет өлкөдөн жумушчу виза менен тартылган жарандардын иш жүзүндөгү эмгек акысын азайткандыгы үчүн салык төлөөчүлөргө тиешелүү чаралар көрүлсүн.

8. Салыктарды эсептөөнүн жана төлөөнүн толуктугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 117-беренесине ылайык, отчетко берилген *№7 тиркемеде (КПУ)* көрсөтүлгөн субъектилерде салыктык текшерүү жүргүзүлсүн.

**Рейддик текшерүүлөр боюнча талдоо**

2024-жылы республика боюнча жалпы 41 655 рейддик текшерүүлөр уюштурулуп, натыйжада 21 754 ар кандай чектен чыгуулар аныкталган, алар: 2758 уруксат берүүчү иш кагаздары жок ишкердик жүргүзүү, 1 560 мөөнөтү эскирген патент менен ишкердик кылуу, 683 ККМ аппараты жок ишкердик кылуу, жараксыз ККМ аппаратын колдонуу, 9864 чек басып бербестен соода жүргүзүү, 350 акциздик маркасы жок товарлар, 15 минималдык чекене баадан төмөн тамеки сатуу, 621 камсыздандыруу полиси жок ишкердик менен алектенүү, 5 024 ар кандай бузуулар аныкталган.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылы жалпы суммасы 73 988,2 миң сомго колго түшүрүлгөн акциздик маркасы жок товарлар тобу, анын ичинен арак-шарап 65 103 бөтөлкө, суммасы - 5051,1 миң сом, тамеки 362 517 кутуча, суммасы - 36 503,0 миң сом жана башкалар 505 116,4 даана, суммасы - 32 434,0 миң сом.

Мамлекеттик салык кызматынын тиешелүү бөлүмү алынган товарлардын мурунку жылдардан келе жаткан калдыктары, жыл ичиндеги кириштелгени жана чыгышталганы боюнча отчет/маалыматты аудитке берген жок. 73 988,2 миң сомго алынган товарлардын канчасы кайтарылды, жок кылынды, мурунку жылдардан келе жаткан калдыктары боюнча отчет жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик салык кызматы тарабынан колго түшүрүлгөн акциздик маркасы жок товарлардын тиешелүү эсебин жүргүзүү камсыздалсын жана алардын калдыгы боюнча инвентаризациялоо жүргүзүлсүн.

## Дүйнөлүк банктын “Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо” долбоору

**Аныкталды жана корутунду:**

Расмий статистиканын сапатын жогорулатуу максатында, Улуттук статистика комитети жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы Дүйнөлүк банктын “Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо” долбоорунун алкагында, статистикалык максаттарда административдик маалымат булактарын пайдалануу боюнча иштерди баштаган.

2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине, анын аймактык органдарында жана ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин отчетунда Улуттук статистика комитети тарабынан жүргүзүлүп жаткан МСКнын административдик маалыматтарынын колдонулушун талдоонун биринчи этабында, товар жүгүртүүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү боюнча Улуттук статистика комитети менен МСКнын маалыматтарынын ортосунда чоң айырмачылыктар бар экендиги аныкталган.

2022-жылга карата соода жүгүртүүнүн айрым көрсөткүчтөрү боюнча, ресторандар, мобилдик операторлор жана башка тамак-аш менен камсыздоо, ошондой эле барлар кызматтарын көрсөтүү боюнча көлөмү, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары МСКнын маалыматына салыштырмалуу 371,4 млрд. сомго көп.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толтурууга кошумча мүмкүнчүлүктөр бар экендиги белгиленип, Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен биргеликте товар жүгүртүү жана кызмат көрсөтүү көлөмдөрү боюнча алынган айырмачылыктарга мониторинг жана талдоо жүргүзүү боюнча биргеликте иш алып барууга сунуштар берилген.

Аудит көрсөткөндөй, жогорудагы көрсөтүлгөн сунуш жарым-жартылай аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунушун ишке ашыруу үчүн, Мамлекеттик салык кызматы жана Улуттук статистика комитети менен биргелешип төмөнкү иштер аткарылган:

Улуттук статистика комитети менен Мамлекеттик салык кызматынын ортосундагы 2019-жылдын 20-майындагы кызмат алмашуу боюнча "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумунда ведомстволор аралык маалымат алмашуу жөнүндө макулдашууга, 2024-жылдын 9-июлунда №2 Кошумча протоколго кол коюлган, ага ылайык, бүгүнкү күндө Мамлекеттик салык кызматы STI-161 отчеттук маалыматты автоматтык режимде берүү кызматын иштеп чыгууда.

**Сунуштама:**

*Мамлекеттик салык кызматына:*

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу боюнча кошумча мүмкүнчүлүктөр болгондуктан, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен бирдикте, товар жүгүртүүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрү боюнча алынган айырмачылыктарга деталдуу мониторинг жана талдоо жүргүзүү улантылсын.

*Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине*

1. Төмөнкүлөр боюнча иштер улантылсын:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине мамлекеттик органдардын маалыматтарына жетүү укугун гана бербестен, ошондой эле административдик маалыматтар статистиканын негизги булактарынын бири боло турган статистикалык отчеттуулукту жокко чыгаруу же кыскартуу максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине ар бир субъект боюнча маалыматтарга жетүүнү камсыз кылууга мамлекеттик органдарды милдеттендирген мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгуу боюнча;
- Колдонуудагы методологияга ылайык жана маалыматтардын динамикалык катарларынын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн, жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу боюнча;

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен бирдикте мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу боюнча кошумча мүмкүнчүлүктөр болгондуктан, товар жүгүртүүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрү боюнча алынган айырмачылыктарга абдан толук мониторинг жана талдоо жүргүзүү улантылсын.

## Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз боюнча маалымат

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитет тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына, 451 ишкердик субъектиге карата аткаруу үчүн салыктык текшерүүлөрдү дайындоо жөнүндө жеткирүү келип түшкөн. Алардын ичинен 446 ишкердик субъекттер боюнча текшерүү аяктады, текшерилбеген 5 ишкердик субъект калган.

2025-жылдын 30-июнуна карата салыктык текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча кошумча эсептелген салыктардын жалпы суммасы 3 007 954,9 миң сомду түзөт, жалпы төлөнгөн сумма 1 661 383,3 миң сомду же кошумча эсептелген сумманын 55,2%ын түзөт.

Белгилей кетсек, электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз боюнча бардык материалдар Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан 2024-жылдын 3-декабрында алынган.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**